# ЭФОТК (IFRIC) 10 түшүндүрмөсү
## *"Аралык финансылык отчеттуулук жана нарктын түшүшү"*

## Шилтемелер

- *"Финансылык инструменттер"* ФОЭС (IFRS) 9
- *"Аралык финансылык отчеттуулук"* ФОЭС (IAS) 34
- *"Активдердин наркынын түшүшү"* ФОЭС (IAS) 36

## Баштапкы маалымат

1 Ишкана отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча нарктын түшүшүнө байланыштуу гудвиллди баалоого жана, зарылдыгына жараша, ФОЭС (IAS) 36га ылайык көрсөтүлгөн күнгө карата нарктын түшүшүнөн зыяндарды таанууга милдеттүү. Бирок кийинки отчеттук мезгилдин аягына карата абал боюнча шарттар эгер нарктын түшүшү жөнүндө талдоо бул күнгө карата абал боюнча гана жүргүзүлсө, нарктын түшүшүнөн зыян аз суммада таанылгандай же такыр эле таанылбагандай түрдө өзгөрүшү мүмкүн. Ушул түшүндүрмө нарктын түшүшүнөн мындай зыян кандайдыр бир шарттар болгондо калыбына келе тургандыгы тууралуу көрсөтмөнү берет.

2 Ушул Түшүндүрмө гудвиллдин наркынын түшүшүнөн зыяндарды таануу бөлүгүндө ФОЭС (IAS) 34түн талаптарынын ФОЭС (IAS) 36нын талаптары менен өз ара аракеттенүүсү тууралуу маселени, ошондой эле бул өз ара аракеттенүүнүн кийинки аралык жана жылдык финансылык отчеттуулукка тийгизген таасирин караштырат.

## Суроо

3 ФОЭС (IAS) 34түн 28-пункту ишкана өзүнүн аралык финансылык отчеттуулугун даярдоодо жылдык финансылык отчетун даярдоодо колдонулган ошол эле эсепке алуу саясатын колдонушун талап кылат. Анда «ишкананын отчет берүүсүнүн жыштыгы (жыл сайын, жарым жылда бир жолу же квартал сайын) жыл ичиндеги анын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын баалоого таасирин тийгизбеши керектиги да айтылат. Бул максатка жетишүү үчүн аралык отчеттуулуктун беренелерин баалоо жыл башынан тартып тиешелүү күнгө чейинки мезгилде жүргүзүлүүгө тийиш.

4 ФОЭС (IAS) 36нын 124-пункту «Гудвиллге карата нарктын түшүшүнөн таанылган зыян кийинки мезгилде калыбына келбей тургандыгын» көрсөтөт.

5–6 [Алып салынган]

7 Ушул түшүндүрмөдө төмөнкүдөй суроо каралат:

> Зыян таанылбай турган же аз суммада таанылган кезде, эгер нарктын түшүшүнө байланыштуу баалоо кийинки отчеттук мезгилдин аягындагы гана абал боюнча жүргүзүлө турган болсо, ишкана гудвиллге карата аралык мезгилде таанылган нарктын түшүшүнөн зыяндарды калыбына келтирүүгө тийишпи?

## Консенсус

8 Ишкана гудвиллге карата мындан мурунку аралык мезгилдердин биринде таанылган нарктын түшүшүнөн зыянды калыбына келтирүүгө тийиш эмес.

9 Ишкана ФОЭС (IAS) 34 менен башка стандарттардын ортосунда конфликттер потенциалдуу болушу мүмкүн башка чөйрөлөргө окшоштугу боюнча бул консенсусту колдонууга тийиш эмес.

## Күчүнө кирүү күнү жана өткөөл жоболор

10 Ишкана ушул түшүндүрмөнү 2006-жылдын 1-ноябрынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонуу кубатталат. Эгер ишкана ушул түшүндүрмөнү 2006-жылдын 1-ноябрына чейин башталган мезгилдерге карата колдоно турган болсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш. Гудвиллге карата ишкана бул түшүндүрмөнү ФОЭС (IAS) 36ны алгачкы колдонгон күнүнөн баштап перспективдүү колдонууга тийиш. Баштапкы наркы боюнча эске алынуучу үлүштүк инструменттерге же финансылык активдерге салынган инвестицияларга карата ишкана ФОЭС (IAS) 39да каралган баалоо критерийлерин алгачкы колдонгон күнүнөн баштап бул түшүндүрмөнү перспективдүү колдонууга тийиш.

11–13 [Алып салынган]

14 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 тарабынан 1, 2, 7 жана 8-пункттарга түзөтүүлөр киргизилди, ошондой эле 5, 6, 11-13-пункттар алып салынды. Ишкана ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир эле убакта көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү да колдонууга тийиш.

© ФОЭС Фонду